DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Самиева Ж.Д.*

# АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВДУН САЯСИЙ ПОРТРЕТИНЕ ШТРИХТЕР

*Самиева Ж.Д.*

# ШТРИХИ К ПОЛИТИЧЕСКОМУ ПОРТРЕТУ АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕКОВА

*Zh.D. Samieva*

# TOUCHES TO THE POLITICAL PORTRAIT ABDYKADYR OROZBEKOV

*УДК: 94(47)*

*Макалада XX кылымдын 20-30-жылдарынын кыргыз элинин улуттук лидерлеринин бири Абдыкадыр Орозбековдун тарыхтагы орду, кыргыз саясий элитасынын көрүнүктүү өкүлү катары мамлекеттик ишмердиги даректүү архивдик материалдардын негизинде көрсөтүлдү. А.Орозбековдун ысымы, саясий ишмердиги, коомчулукка, айрыкча өсүп келе жаткан жаш муундарга 1985-жылы башталган кайра куруу саясаты мезгилинен баштап кеңири тарай баштагандыгы белгиленет. Тарыхчы-окумуштуулар Абдыкадыр Орозбековдун өмүр таржымалы, саясий ишмердиги тууралуу илимий макалаларды,китептертерди жарыкка чыгаргандыгы, мааракелери мамлекеттик деңгээлде белгиленип жаткандыгы айтылат. Макалада А.Орозбековдун Каракыргыз автономиялуу облусун, Кыргыз Автономиялуу ССРин жана Кыргыз ССРин куруудагы мамлекеттик жана саясий ишмердиги архивдик булактарга таянуу менен жазылды. Мамлекеттик ишмердин репрессияга кабылышы жана анын реабилитация болушунун маанилүү, уруунтуу хронологиясы так көрсөтүлгөн. Макалада мамлекеттик ишмердин жеке инсандык касиеттери да баса белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *Абдыкадыр Орозбеков, тарыхчы, окумуштуу, лидер, репрессия, коом, архив, документ, саясат, интеллигенция.*

*В статье представлено историческое место одного из общенациональных лидеров кыргызского народа Абдыкадыра Орозбекова в 20-30-е годы XX века, его государственная деятельность как видного представителя политической элиты Кыргызстана на основе документальных архивных материалов. А также отмечается, что имя Орозбекова, его политическая и государственная деятельность особенно для молодого поколения, стало известно начиная с 1985 года, в период перестройки. Историки и ученые опубликовали научные статьи и книги о жизни и государственной деятельности Абдыкадыра Орозбекова, а его юбилеи отмечаются на государственном уровне. В статье особо подчеркивается государственная и политическая деятельность А.Орозбекова в строительстве Кара-Киргизской автономной области, КАССР и Киргизской ССР на основе архивных источников. Показана хронология репрессии и реабилитация А. Орозбекова, также подчеркиваются личные качества государственного деятеля.*

***Ключевые слова:*** *Абдыкадыр Орозбеков, историк, ученый, лидер, репрессия, общество, архив, документ, политика, интеллигенция.*

*The article presents the historical place of one of the national leaders of the Kyrgyz people Abdykadir Orozbekov in the 20-30s of the XX century, his state activity as a prominent representative of the political elite of Kyrgyzstan on the basis of documentary archival materials. A. It is noted that the name of Orozbekov, his political activities and state policy, especially for the younger generation, began to spread in 1985, during the period of perestroika. Historians and scholars have published scientific articles and books about the biography and political activities of Abdykadyr Orozbekov, and his anniversaries are celebrated at the state level. In article, A.Orozbekov's state and political activities in the construction of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region, the USSR and the Kyrgyz SSR were recorded on the basis of archival sources. An important chronology of the repression of the statesman and his rehabilitation is clearly indicated. The article also emphasizes the personal qualities of a statesman.*

***Key words:*** *Abdykadyr Orozbekov, historian, scientist, leader, repression, society, archive, document, politics, intellectuals.*

Жеке адамдын, инсандын тарыхтагы ролун аныктоо кыргыз тарых илиминдеги актуалдуу маселелердин бири. Азыркы динамикалуу жана өтө тез темп менен өнүгүп жаткан саясий процесстер, коомдук тенденциялар жогорку профессионалдуу жана натыйжалуу лидерлерге муктаждыкты күчөтүп жатат. Коомдун ар бир тарыхый баскычы ошол мезгилдин, этностун, мамлекеттин муктаждыгына, стратегиялык максатына жараша лидерлерди жаратат. Ар бир жаамат ал чакан же мамлекеттик деңгээлдеги коомчулук-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



пу лидерге муктаж. Лидердин пайда болушу, калыптанышы жана анын лидердик милдетин аткаруусу объективдүү жана универсалдуу түшүнүк.

XX кылымдын 20-30-жылдарынын кыргыз элинин улуттук лидерлеринин бири катары Абдыкадыр Орозбековду айтууга болот.

Эл душманы деп күнөөсүз, тескерисинче эл, мекен үчүн канын, жанын аябай күрөшкөн азаматтарды актоо процесси башталган. 1956-жылы А.Орозбеков алгачкылардан болуп, тактап айтканда ушул эле жылдын 10-апрелинде инсан, атуул катары акталган. 1956-жылы 21-майда Кыргызстан Компартиясынын бюросунун №10/Б чечими, 1937-жылдын 15-сентябрдагы Коммунистик партиянын Борбордук Комитетинин А.Орозбековду партиянын катарынан чыгарган №35/1 токтому жокко чыгарылган [1].

КПСС БКнын алдындагы Партиялык текшерүү комиссиясынын 1956-жылы 30-июндагы чечими менен (№139п.102) Кыргызстан БКнын бюросунун 1937-жылдын 15-сентябрындагы А. Орозбековду партиянын катарынан чыгарган чечими жараксыз деп табылып, партиялык жактан да акталып, партиялуулугу калыбына келтирилген [2].

Ошентип, А. Орозбековдун кыргыз элинин, ата мекен алдында жасаган ак эмгеги бааланып инсан катары, коммунист катары да акталган. Жалган жалаа менен атылып кеткен аталардын акталышы алардын үй-бүлөсү үчүн гана маанилуу болбостон, жалпы эл үчүн саясий-коомдук моралдык, гумандуу жана тарбиялык акт болгон. Акталышы акталышкан. Бирок алардын ысымы, эмгеги элге, кеңири коомчулукка жеттиби, тарых барактарынан оорун ала алдыбы? Кептин баары ошондо тура, толугу менен андай болгон жок. Коммунисттик партия, анын жетекчи органдары – саясий бюро, борбордук комитети акталгандардын архивдеги документтерин, алар жөнүндөгү маалыматтарды мурдагы калыбында эле «жашыруун», «өтө жашыруун» деген грифт менен сактап келди. Айрымдары күнү бүгүнкүгө чейин деле изилдөөчүлөр үчүн берилбей келе жатат.

Кеңеш бийлиги, коммунисттик режим, жөнөкөй советтик режим, жөнөкөй советтик жарандар үчүн анын социалдык абалын, саясий укугун, ар тараптуу өнүгүшү үчүн өтө көп камкордук көргөн, анын бейпил турмушун камсыз кыла алган, бийликке болгон ишеничин актай алган, адамдар мамлекетти өзүнүн коргоочусу, жактоочусу жана ишенимдүү шериктеши катары кабыл алуусуна жетишкен. Бирок, коммунисттик режим репрессия болгондорду саясий жактан актагандан кийин алардын күнөөсүз экендигин далилдеген, жалган жалаа менен курмандыкка чалынгандарын тастыктаган практикалык иш-чараларды жасоого, архивдик документтерди эркин пайданалууга, ысымдарын ыйгаруу, китептерди жарыялоо, массалык маалымат каражаттары аркылуу алардын ишмердигин чагылдыруу, ак эмгегин коомчулукка, кийинки муундун тарыхый эс тутумуна жайылтууга саясий эрки, күчү, намысы, маданияты жана гумандуулугу жеткен жок.

Коммунисттик партиянын түзүүчүлүк ишмердигин белгилөө менен анын эч бир кечирилгис кадамы катары, биринчи, репрессия саясатын айтсак, экинчиси – реабилитация болгон баатыр, патриот аталарыбыздын даңктуу өмүр жолун даңазалоо боюнча практикалык иш чаралардын аткарылбагандыгы. Кыргыз элинин тарыхый эс тутуму аны жадынан чыгарган жок окшойт. Кайра куруу саясатынын негизинде демократиянын кайра жаралуу шарапаты менен кыргыз эли өзүнүн татыктуу уул-кыздарынын ысымдарын тарыхка киргизип, мааракe-салтанаттарды, илимий жыйындарды өткөрүп даңктай баштады. Ушуга окшогон иш-чаралар компартиянын ишмердигиндеги анын идеологиясындагы зыянкечтиктерди, кемчиликтерди жана катачылыктарды ашкерелеп, анын Кыргызстанда өткөн кылымдын 90-жылдары саясий жана моралдык жактан банкрот болушуна, андан кийин өлкөнүн саясий мейкиндигинен институт катары биротоло жоюлушунун себептеринин бири болду.

А. Орозбековдун саясий ишмердиги, анын ысмы коомчулукка, өсүп келе жаткан жаш муундарга чейин 1985-жылдагы кайра куруу саясатынын мезгилинен баштап, кеңири тарай баштады десек туура болот. Ал жөнүндө эскерүүлөр, архивдик булактардын негизинде илимий макалалар, китептер жана диссертациялык эмгек корголду жана даректуу тасма тартылды. Маарекеси белгиленип, анын даңктуу өмүр жолу улам жаңы маалыматтар, табылгалар менен толукталып жатат. Тарыхчы-окумуштуулар Абдыкадыр Орозбеков жөнүндө мамлекеттик ишмер, саясий ишмер, интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлү, саясий элитанын өкүлү, саясий лидер жана башка аталыштар менен эм-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гектерди, илимий макалаларды жазышып, коомчулукка тартуулап жатышат. А. Орозбековдун элине, мекенине сиңирген ак эмгеги Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынан татыктуу орун алды деп сыймыктанып айтуу менен дагы деле бул эл уулунун өмүр таржымалынын, ат көтөргүс ишмердигинин тегерегинде иликтөөнү талап кылган проблемалар арбын экендигин баса белгилөөгө болот. Алардын эң бир орчундуусу катары А.Орозбековдун абактагы көргөн азабы, сурак учурлары жана дагы анын абакта атылышы. Коомчулукта божомол абалында калып жаткан А.Орозбековдун сөөгү жашырылган жердин (болжолу, Ала-Арча көрүстөнүндө деп айтылат) али күнгө чейин такталбаганы өтө өкүнүчтүү, кечирилгис маселе. Ушул саптардын автору, тарыхчы, тим гана А.Орозбековдун өмүрүнө кызыккан киши катары, бул маселени 2009-жылдан бери баса белгилеп келе жатканыбызды дагы бир жолу кайталап айткым келет. А.Орозбековдун сөөгү жашырылган жерди так аныктоо, ал жерге анын айкелин орнотуу, анын туулган күндөрүн жаш муун, коомчулук менен бирге гулдесте коюп эскерип туруу – эгемен Кыргызстандын өлкө башчысынын, Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз өкмөтүнүн парзы.

Тарыхый тажрыйба көрсөткөндөй этнос, коом же мамлекет туңгуюкка кабылганда, кризиске, саясий бир маанилүү проблемага дуушар болгондо, элдин ичинен акылдуу, чечкиндүү, кайраттуу адамдар илимий тил менен айтканда, лидерлер чыгып, ошол түзүлгөн кырдаалдан коомду бошотуп, алдыга сүрөп кетишет.

XX кылымдын 20-30-жылдары кыргыз этносу үчүн өтө оор, татаал мезгил гана болбостон, бөлүнүп, ыдырап, ошондогу ар кайсы республикалардын курамында калуу коркунучу да болгон.

Мындай абалдан чыгуунун, улутту улут боюнча биримдикте, бүтүндүктө сактап калуунун бир гана жолу - кыргыз мамлекетин түзүү, өнүктүрүү болгон. Бул маселени чечүүдө - мамлекетти түзүүдөн башка альтернатива жок болчу. Кыргыз элин, Кыргыз мамлекетин түзүү, сактап калуу үчүн болгон күрөш Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков сыяктуу улуттук лидерлерди жаратты, калыптандырды жана чыңалтты. Алар кыргыз элинин келечеги үчүн бүт жоопкерчи ликти мойнуна ала алган, тарыхый кырдаалды андай билген кеменгер, саясий эрки күчтүү, кайраттуу, ыйманы таза, эл үчүн керт башын курман кылууга даяр болушкан - кыргыз улутунун, коомунун, мамлекетинин чыныгы лидерлери. Жогоруда айткандай, каалаган эле киши лидер боло албайт. Лидер башкалардан айырмаланган өзгөчө сапаттарга ээ болушу абзел.

Лидерге тиешелүү эң зарыл сапат – бул адамга жаратканда, табигаттан берилген жөндөм, сапат, касиет десек да болот. Харизма деп да коёт. А. Орозбеков жаш кезинен жалданып иштей баштагандан эле кожоюндардын тынчын алып, 1916-жылдагы саясий акцияларга активдүү катышып турган. 1917-жылы жумушчулардын иш таштоосун уюштурган жана анын жетекчиси болгон. Мындай акцияларды жасоо баардык эле наабайчынын колунан келе берген эмес. А.Орозбеков тегерегиндеги адамдар менен тил табыша билген, алардын көйгөйлөрүн жон терисинен түшүнгөн, массаны өзүнө ишендире алган эрктуу инсан болгон. Ошондой эле, А.Орозбеков карапайым элдин тилегин, мудөөсун жактаган жана аны толук түрдө ишке ашырууга жөндөмдүү болгон саясий күч большевиктер партиясы экендигине ишенип, Кыргызстандын түштүгүндө алгачкылардан болуп Большевиктер партия- сына 1918-жылы 6-августта мүчө болуп кирип, ал партияда репрессия болгонго чейин (1937-ж 15-сентябрь) анын идеяларын активдүү түрдө ишке ашырган. Ушул максатта А.Орозбеков өз ыктыяры менен 1918-жылы Кызыл Армиянын катарына кошулуп, кеңеш бийлигин контрреволюциячыл күчтөрдүн чабуулунан сактоого зор салым кошкон [3].

Лидердин дагы бир сапаты – зээндүүлүгү, руханий жандүйнөсүнүн кеңдиги. А.Орозбеков тарыхый жана турмуш шартына байланыштуу атайын колониялык бийлик түзгөн орус-тузем мектептеринен же башка билим берүүчү мекемеден билим алган эмес. Билими жөнүндө «... өзүмдүн өмүр баянымдын аягында айтып коёр нерсе, менин билим деңгээлим төмөн, мектептен окуй алганым жок, кат-сабатымды революциядан кийин гана жойдум- ...» самоучка» деп жазып, кийин партиялык-советтик курулуштун үч айлык курсун бүткөндүгүн, өзбек тилин билерин жана орус тилди өзү жакшы үйрөнүп алганын көрсөткөн [4].

А.Орозбеков элдин мүдөөсүн, мезгил талабын туура баамдап, элдин ишеничине кире алгандыктан,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыз мамлекетин түзүүгө активдүү катышып жана аны 10 жылдан ашуун ийгиликтүү башкарды. Албетте, ошол учурда деле ошондой бийик бийлик сересиндеги башчы үчүн билим зарыл нерсе болгон деңизчи, башкысы – мекенчилдик, элди сүйүү, ага ак ниет, адилет кызмат кылуу-айрым жетишпеген билимден жогору турду. Анын архивин сакталган өздүк делолорундагы кол жазмаларын карап туруп, анын сабаттуулугуна, билимине суктанбай коюуга болбойт. Зээндуу адам гана өзүн өстүре билет. Андан калса, эгемендиктин шартында академик башкарган будуң-чаң мезгилди башынан өткөргөн кыргыз коомчулугу үчүн А.Орозбековдун билими жөнүндөгү маселенин мааниси деле жок чыгар.

Саясий лидердин негизги сапаттарынын бири - улуттук духунун күчтүүлүгү. А.Орозбеков улуттук лидерлер - дин бири катары «Отуздун катындагы» өзбекстан менен болгон чек ара жана Кыргызстандын мамлекеттик баш- каруу органдарын улутташтыруу (кыргыздаштыруу) маселесин көтөргөндө көргөзө алган.

Лидердин ыйманы жөнүндөгү маселе ойчулдарды, аалымдарды, гуманисттерди дайыма ойлонтуп келген. Лидер болуш учун ыймандын зарылдыгы жөнүндө антикалык авторлор, Конфуций жана кыргыз элинин ойчулдарынын чыгармаларында айтылат. Улуттук дух, улутту сүйүү, коом алдындагы милдетине берилгендик, элдин камын ойлоо, адилеттүүлүк, кайраттуулук А.Орозбековдун ишмердигинин негизги мазмунун аныктаган жана аны улуттук лидерге айландырган.

**Адабияттар:**

1. КР БМСДА, ф.10. оп.15, д.2801, л. 32.
2. КР БМСДА, ф.10, оп.15, д.2801, л. 33
3. КР БМСДА, ф.10, оп.15, д.2801, л. 21.
4. КР БМСДА, ф.10, оп.15, д.2801, л. 3-4.